**УДК 372. (07)**

***Раимбекова М. Р., Джумачалова Ч.Т.***
*КГУ им. И.Арабаева*
*Бишкек, Кыргызстан*
***M. R. Raimbekova, Ch. T. Dgumachalova***
*I.Arabaev KSU*
*Bishkek, Kyrgyzstan*

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫНЫН КЕБИН ӨСТҮРҮҮ МЕТОДИКАСЫ

# МЕТОДИКА РАЗВИТИЯ РЕЧИ У УЧАЩИХСЯ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ

# METHODS OF SPEECH DEVELOPMENT IN PIMARY SCHOOL PUPILS

***Аннотация:*** *Макалада балдардын кебин өстүрүү, орундуу сүйлөө, баарлашуу жана методикалык ыкмалар каралган.*

***Негизги сөздөр:*** *кеп маданияты; кептин грамматикасы, кептин стилдери; кеп байлыгы; кеп тазалыгы; баарлашуудагы кеп.*

***Аннотация:*** *В данной статье рассмотренывопросы развития, культуры речи, общения детей, а так ж еиспользуемые методические приемы.*

***Ключевые слова:*** *культура речи; грамматика речи; стили речи; богатство речи; чистота речи; речь в общении.*

***Annotation:*** *In this article the development and culture of speech and also the methods of developing communication in children.*

***Key words:*** *a culture of speech; grammar of speech speech styles;speech communication.*

Мектепте эне тилин окутуунун алдында турган эң негизги милдеттердин бири- окуучулардын оозеки жана жазуу түрүндөгү кебин өстүрүү. Бул милдет коомдун жана анын турмушунун өнүгүшүндөгү окуунун тил илими жөнүндөгү көрсөтмөлөрүн турмушка ашыруу болуп саналат.

Тил, коомдун мүчөлөрү үчүн байланыш куралы катарында кызмат кыла турган жалпы элдик тил болуп санала тургандыгы, ошону менен бирге анын оозеки жана жазуу түрүндөгү формасын ошол тилде сүйлөгөн коомдун баардык мүчөлөрү үчүн бир түрдүүлүктө колдонуунун мааниси чоң. Мына ошонун негизинде өлкөнүн коомдук саясий турмушуна катышкан ар бир адам өз оюн эркин жана сабаттуу билдирүүгө милдеттүү [3].

Кыргыз тилин окутуунун методикасында да байланыштуу кепке көңүл буруу алгачкы окуу китептеринен, иликтөөлөрдөн методикалык эмгектерден эле башталган. Алгачкы алиппенин автору И. Арабаев окуучулардын оозеки сүйлөөсүн өстүрүүгөөзгөчө көңүл буруп, буга карата атайын тапшырмаларды киргизген.

Жаш муундарды орундуу сүйлөөгө, баарлашууга, тарбиялоого даярдоодо мектептердин алдында турган зор милдеттердин бири окуучуларды жогорку деңгээлдеги маданияттуу речке ээ кылуу болуп саналат. Ошондуктан окуучулардын сөзүн өстүрүүгө маани берүү менен аны биринчи класстан тартып, мектепти бүтүргөнгө чейин системалуу түрдөөстүрүүгө айрыкча көңүл бурулууга тийиш. Кеп-пикир алышуунун, карым-катнаш жасоонун куралы эмес, анын дал өзү (айтуу, жазуу – демек, процесс) жана андан чыккан натыйжа. Ал тыбыштардын жардамы менен айтылат, жазуу аркылуу жазылат. Мындай кепти сырткы кеп дейбиз. Айтылганды угабыз, жазылганды окуйбуз. Тил – катнаштын куралы болсо, кеп – ошол куралды колдонуу менен катнаш жасоонун,конкреттүү ой-пикирди, ички сезимди туюндуруунун ыгы.

Азыркы колдонулуп жаткан башталгыч класстардын кыргыз тилинин программасында «Кебин өстүрүү» деген атайын бөлүм берилген. Окуучулардын кебин

өстүрүү жөнүндөгу маселе программада «Окуу жана сөз өстүрүү», «Жазуу эрежелери жана сөз өстүрүү», «Грамматика, жазуу эрежелери жана сөз өстүрүү» делип берилген. Окуучулардын кебин өстүрүү маселеси кыргыз тилинин грамматикасы, жазуу эрежелери жана түшүндүрүп окуу сабактары менен органикалык түрдө байланыштуу болгондуктан, анын материалын ушул бөлүмдөргө байланыштуу кылып өтүү жаны программада талап кылынган [5].

*Окуучулардын кебине коюлуучу талаптар*. Окуучулардын кеби мазмундуу жана уккулуктуу болууга тийиш. М. И. Калинин мугалимдерге кайрылган сөзүндө: «Алардан (окуучулардан) алды менен ойлонууну, анан сүйлөөну талап кылгыла, бирок сүйлөп алып туруп, анан ойлонбосун. Маселенин негизи мына ушунда», деген М.И. Калининдин мугалимдерге койгон бул талабы эң эле туура. Ошондуктан өз оюн мазмундуу сүйлөөгө окуучуларды үйрөтүүнү мугалим 1-класстан тартып колго алууга тийиш.

Башкача айтканда, кебинде колдонгон сөздөрдү адабий тилдин формасында туура айтуу менен бирге, ал сөздөрду сүйлөмдө тийиштүү орундарга коюп, туура байланыштыруу. Окуучулардын кебиндеги ойлор байланыштуу болууга, кептеги ойлордун логикалык ыраттуулукта болушу жана алардын байланыштуу түзүлүшү кептин маданияттуулугун көрсөтөт. Бирок мындай көнүгүү окуучуларды тезинен жана оңой эле жетиштире коюу жеңил иш эмес. Буга окуучуларды ээ кылуу үчүн, мугалим окуу жылынын башталышынан акырына чейинки ар бир класстын өзүнө ылайыкталган программанын талабына жараша грамматикага окутууда жана аны үйрөтүүгө байланыштуу болгон көнүүгүлөрдү системалуу түрдө иштетүү аркылуу жетишүүгө милдеттүү [1].

*Байланыштуу кеп (таблицаны кара).*


Тилдин пикир алышуудагы өтөгөн кызматы байланыштуу кепте көрүнөт. Кептин эң кичине бөлүгү – сүйлөм. Бир нече сүйлөмдөр тематикалык, маанилик, грамматикалык жактан бүтүндүккө келип, мазмунду берип, текстти түзөт. Текст тема жана негизги ойдон туруп, абзацтык ойлордон куралат.

Кептин берилиш жагдайы стилге байланыштуу. Кептин стили колдонулуш чөйрөлөрүнө, максаттарына, берилиш өзгөчөлүктөрүнө, анда колдонулган тил каражаттарына байланыштуу болот. Стилдин ушундай мүнөздүү өзгөчөлүктөрү жагынан өз ара айырмаланган 5 түрү бар. Сүйлөшүү, илимий, көркөм, официалдуу-иштиктүү жана публицистикалык стилдер.

Байланыштуу кеп негизинен маанилик-функциялык жагынан 3 түргө бөлүнөт. Баяндоо, сүрөттөө жана ой жүгүртүү. Сүрөттөө кебинин объектилери ар түрдүү. Алар: жандуу-жансыз заттарды, айлана-чөйрөнү, ал-абалды сүрөттөө ж.б. Кеп стилдеринин түрлөрүндө аткарылуучу практикалык иштер арбын. Алсак, илимий стилде доклад, реферат, тезис, конспект ж.б. жазуулар болот. Ушундай эле публицистикалык стилде интервью, репортаж, макала ж.б. иштер жазылат. Официалдуу иштиктүү стилде да аткарылуучу жазма иштер арбын көп. Өзгөчө официалдуу эмес иш кагаздарынын үлгүлөрүн окуучулар жаза билүүгө үйрөнүшү зарыл. Андыктан алар сабакта машыктырылып, үйрөтүлүп, үлгүлөрү кыргыз тил кабинетинде илинип турушу керек.

Мына ушундай новатор-педагог Н. Абдесов сунуштаган дагы башка таяныч таблицаларын башталгыч мектептин окуучуларына, өтүлүүчү материалга жараша иргеп алып, аны алымча-кошумчалар менен окутуу процессинде колдонсок, жакшы натыйжаларга жете аларыбызды практика далилдеди.

Методикалык жактан алганда байланыштуу речь дегенибиз-«бир адам тарабынан ойлордун, билимдердин узак, ыраатуу, байланыштуу баяндалыш системасы жана ошол ишкердүүлүктүн натыйжасы–айрым бөлүктөрү маанилик, тилдик жана түзүлүш жактан өз ара байланышкан кеп,текст»[2].




**Башталгыч класстардын сөзун өстүрүүчү сабактардын үлгүлөрү:**

*Биринчи сабак*

*Тема:* **Кыргыз мамлекетинин гимни**

*Программанын мазмуну:* Балдардын патриоттук сезимин калыптандыруу. Гимнди көркөм айтууга, ырдоого үйрөтүү.

*Методикалык ыкмалар:*

1. «Гимнди» уктуруу.

2. Сабак жөнүндө аңгемелешүү. Кыргызстан эгемендүү өлкө. Ар бир өлкөнүн символдору болуш керек. Негизги символдорунун бири бул Мамлекеттик гимн болот. Ар бир атуул аны жатка билип ырдап жүрүш керек (текстти окуп берүү).

3. Сабакты баалоо.

*Сабактын жабылышы:* «Гимнди» магнитофонго жазуу. Сүрөттөр, герб, желек.

*Сабактын жүрүшү.*

Гимнди угузуп суроо берилет. Музыканы жакшы көрөсүңөрбү? (Ооба…). Кандай дейсиңер, музыканын баары бирдей болобу? (Ооба, жок…) Силер уккан музыкаңар «Гимн» деп аталат. Ыр көркөм окулат. Кыргызстан эгемендүү өлкө анын белгилүү символдору бар бүгүн силер менен алардын бирөөсү менен таанышабыз.

*Экинчи сабак*

*Тема:* **«Күз жана кыш».** Дидактикалык оюн.

*Программанын мазмуну:* жыл мезгилдери жөнүндө балдардын түшүнүктөрүн кеңейтүү. Кыш менен күздүн айырмасын сүрөттөрдөн, ангемелерден, ырлардан айырмалап берүү.

*Методикалык ыкмалар:*

1. Сабак жөнүндө түшүнүк берүү.
2. Сүрөттөгү көрүнүштөр жөнүндө аңгемелешүү, балдардын оюн угуу.
3. Ырларды көркөм окуп күз менен кыштын айырмасын белгилешет.
4. Сабакты балоо.

*Сабактын жабылышы:* Сюжеттүү буюм сүрөттөрү. Жашылчалардын муляждары, кышында муз тебүүчү аспаптар (чана, лыжа, коньки ж.б.), бакчада колдонуучу аспаптар (күрөк,чака, кетмен). Сүрөттөрү болсо деле боло берет [4].

**Адабияттар:**


1. Бородич А.М. Методика развития речи детей. М.: Просвещение, 1981.
2. Давлетов С. Байланыштуу речь: мугалимдер үчүн метод. колдонмо. Бишкек: Мектеп,1999.
3. Мусаев С.Ж. Кеп маданиятынын маселелери. Бишкек, 1993.
4. Орусбаева Т. А. Мектепке чейинки курактагы балдардын сөзүн өстүрүү технологиясы. Бишкек, 2008.
5. Турусбеков С.,Бердибаев., Рысбекова Б., СартбаевК. Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун методикасы. Фрунзе: Мектеп,1965.


**Рецензент:** *пед. ил. канд., доц. Омуралиева Э. К.*